**1-класстын окуучуларынын гмайнерчилердин катарына кабыл алуу аземинин сценарийи**

**Фанфары**

**Бий Жаннат (кыргыз бий)**

1А.Б.Кутмандуу күнүнүздөр менен урматтуу коноктор, мугалимдер жана окуучулар!

**Фанфары**

2.А.Б.

Майрамыңыздар менен! Мына ошентип арадан айлар өтүп, баарыбыз бүгүн биринчи класстын окуучуларын гмайнерчилердин катарына кабыл алуу салтанатына чогулуп отурабыз .Анда эмесе салтанатуу, аземди ачык деп жарыялайбыз!

1. А.Б.

Мектеп түздөнгүлө! Түз тургула! Азыр гмайнерчилердин катарына кабыл алуунун алдында Кыргыз Республикасынын жана мектептин туусу алып чыгарылсын. Мектеп!!! Бардыгынар түздөнгүлө!

**(музыканын коштоосунда КР жана мектептин желектерин алып киришет,**

1.А.Б.

Эрте туруп, күндө ата-эне менен бирге мектепти көздөй бет алган, талбай билим алам деген биздин 1-класстын окуучуларды дүркүрөгөн кол чабуулар менен тосуп алалы.**(музыканын коштоосунда 1-класс чыгат) келип, тизилип туруп калышат).**

**Гимн КР.**

**1-класстын окуучусу:** Адинай эже, Герман Гмайнер туралуу айтып бериңизчи?

2.А.Б. **Адинай:** Герман Гмайнер 20-кылымда Австрия мамлекетинен чыккан белгилүү окутуучу, гуманист, айкөл инсан.Ал биринчиден болуп SOS Kinderdorf Interational балдар айылын уюштурган, кайрымдуулук, боорукерлик принцибине таянган, ата-энелеринен ажыраган балдарга кам көрүү үчүн дайым талыкпай күрөшкөн улуу адам.

**1-класстын окуучусу**: Байкал байке, гмайнерчилердин максатын бизге жакшылап айтып бериңизчи?

1.А.Б. **Байкал:** Гмайнерчилердин максаты: Жаш муундардын келечегине зор салым кошкон улуу адамдын идеясын жайылтуу. Боорукер,кайрымдуу болуу. Улгайган адамдарга, майыптарга, кароосуз калган жаш балдарга колдон келген жардамдарды берүү, дегеле жакшылык кылуу.

**Комуз**

2.А.Б.Быйылкы окуу жылында гмайнерчилердин катары мектепке жаңы келген окуучулар жана мектеп босогосун жаңы аттаган 90. 1-класстын окуучулары менен толукталмакчы.

**Арууке ыр балалык**

2.А.Б. Көңүл бургула, көңүл бургула! Азыр салтанаттын эң маанилүү учуру, мектептин туусунун алдында 1-класстын окуучулары гмайнерчилердин катарына кабыл алуу антын беришет.

**Антты 10-класстын окуучусу Мектептин президенти Матыева Сымбат кабыл алат.**

**Ант берүү**

Кыйырына дан толгон, өрүшүнө мал толгон **Ата Мекенибизди көздүн карегиндей сактоого,**

Адеп- ахлакты ыйык тутуп, **улууга урмат, кичүүгө ызаат кылууга,**

Жалгандын жолу миң экен, чындыктын жолу бир экен, биз көргөндүн ичинен чындыктан артык жок экен. **Чындык үчүн күрөшүүгө,**

Кайгыга күлүп, кубанычка жарылбай, сабыр менен салкын карайлы баарына!

Ыйласак, бирге ыйлап, күлкүгө тең орток болууга, ырыс алды ынтымакты сактоого, байлык жыйнагыча, **достукту чыңдоого,**

Эмгектене билүү- Адам үчүн түгөнгүс байлык. Талбас эмгек менен **тоодой тоскоолдукту жеңүүгө,**

Тунук акыл, терең билим менен **Эл керегине жароого,**

**Ажайып Ала-Тообузду** ыйык көл суубузду көрк келбетинен кемитпей, **сактап урпактарга калтырууга ант беребиз.**

**1-класс: Окуучулар: Ант беребиз! Ант беребиз! Ант беребиз! (чогуу)**

1.А.Б.

**Антты кабыл алуу:**

Ант бек болсун! Ардактуу элибиздин атынан антыңар кабыл болсун. Ар бириңде Манас атанын сезими ойгонсун. Жүрөгүңөрдө Манас атанын ар-намысы болсун! Жүрүш-турушуңарды аракет мээнетиңерди айкөлдүк жылоолосун! Улуу гуманист Герман Гмайнердин жасаган кайрымдуулук ишин улап, өзүңөрдөн кийинки жаш муундарга үлгү болооруңарга терең ишенебиз!

2.А.Б. Гмайнерчилердин төш белгилерин мектептин алдыңкы окуучулары тагышат.
1.А.Б.Гмайнерчилердин төш белгилери тагылсын!(форма ак-кара)

**(төш белги тагылат) (фанфары)** 1 катарга тизилип 1-класстар туруп калышат.

2.А.Б.

Куттуктоо сөзү SOS Герман Гмайнер окуу- тарбия комплексинин директору **Теңизбаева Светлана Бакировнага** берилет. (Фанфары)

Куттуктоо сөзү-Кыргызстандагы SOS "Балдар айыл" коомдук фондунун директору **Джураева Лира Эсенбековнага** берилет (фанфары)

**"Мектебим" ыры 1-класстардын аткаруусунда**. Обону Эрматова Гулнара Эшенкуловнаныкы

1.А.Б.

Балким, гмайнерчилердин катарына өтүп жаткан жаш бөбөктөрдүн бизге айтаар сөздөрү болуп жүрбөсүн.

2.А.Б.

Анда кезекти 1-класстын окуучуларына берели.

1-окуучу

Камкордук көрүп баарыбызга

Ачылды Герман Гмайнер мектебибиз

Билимдин сересине максат коюп

Алдыга кадам шилтеп биз келебиз

2-окуучу

Алектенип кайрымдуулук иш менен

Мээрим төгүп жеткинчекке дем берген

Ыраазымын Герман Гмайнер атама,

Таазим кылып башымды ийем сизге мен.

3-окуучу

Урмат! Сый! Герман Гмайнер атабызга,

Кайрымдуулук жакшы иштерди жаратканга,

Аябай сыймыктанам өзүм дагы,

Гмайнердин жолун жолдоп бараткана!

4-окуучу

Жакшы иштерди жүргүзүп,

Аты чыгып даңкталды.

Кылым адамы аталып

Эмгеги өчпөй даңкталды!

5-окуучу

Жалаң "5"ке окуйм деп

Чоң максатты коемун.

Эмгектенип талыкпай

Жалкоолукту жоемун

Герман Гмайнер атамдай.

6-окуучу

Жүрөктөн чыккан терең антты берип

Кошулдук гмайнерчилер катарына

Билимдин сересине кулач керип

Басабыз кадам шилтеп биз алдыга.

7-окуучу

Куттуу болсун майрамыбыз бүгүнкү

Мына бизбиз келечектин үмүтү

Мыкты окуп, терең билим алабыз

Эртең эле жылдыз болуп жанабыз.

8-окуучу

Биз да окуп билим алдык

Көп нерсени тааныдык

Үч ай өтүп тез эле,

Гмайнерчи деп аталдык!

9-окуучу

Биз да окуп, билим алдык.

Көп нерсени  тааныдык.

Убакыт өтүп тез эле

Гмайнерчи аталдык!

**"Жаш таланттар гимни" ыр Умайым 4кл**

**Бий " Ой комузчу"**

1.А.Б.

Акыл айтат, жакшы, сүйкүм үн менен.

Теңдештиргиң келет көктө күн менен.

Ата-энелер баштайт жолго жаштарды.

Аман болуп, бар болгула биз менен.

2.А.Б.

Урматтуу окуучулар. ОТК ачылгандан бери өзүнүн жардамдарын аябай, чын дилдеринен салымдарын кошушуп, окуучулардын, мектептин ишенимине кирип, достук мамиледе болуп калышкан адамдар да бар.

2.А.Б.

Анда эмесе азыркы сөз ОТКнын досу, ата-энелер кеңешинин төрайымы, биздин эң активдүү апабыз Аземова Гульнара Женишбековнага берилет. (фанфары)

**Ыр "Уча бер үмүтүмдүн каркырасы"4а Эртур**

**"Вальс"**

**Эльза Ыр**

**Флешмоб**

**1.А.Б.**Бүгүнкү биздин салтанаттуу кечебиз мектеп гимни менен аяктайт.Гимндин сөзүн жазган башталгыч класстын мугалими Каримова Жаңыл Абдрахманова,обонун жазган музыка сабагынын мугалими Эрматова Гулнара Эшенкуловна.

**Мектеп гимни.** ( Окуучуларды гмайнерчилердин катарына кабыл алуу аземи ОТКтин гимни менен аяктайт.) (баары,алдыга беш окуучу чыгып гимн ырдашат)

2.А.Б Мектеп түздөңгүлө! Азыр КРсынын жана мектептин желектери алып чыгарылат!!!

1.А.Б. Гмайнерчилерди узатып коелу... (Музыканын коштоосунда кетишет)

2.А.Б. Баарыңыздарды дагы бир жолу майрамыңыздар менен куттуктап, келгениңиздерге ыраазычылыгыбызды билдирүү менен сак-саламатта болуңуздар демекчибиз.